**ПРЕСС-РЕЛИЗ**

**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2024-жылдын 9 айында аткарган жумуштары (Жол тармагы)**

2024-жылга жалпысынан 1058 км жол оңдоо иштери пландалып, анын ичинен 700 км асфальт төшөө каралган.

9 айдын жыйынтыгы менен жалпы 529 км жолго асфальт төшөлдү (бюджеттин эсебинен – 439,3 км же 91 %, инвестициялык долбоорлор – 89,7 км же 90%) Аң-чөнөктөрдү оңдоо иштери 128450 миң чарчы метр аянтта жүргүзүлдү же 102,8%.

**Приоритеттүү объектилер**

Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол жолунун “Балыкчы-Барскоон” бөлүгүндө реконструкциялоо иштери жүрүп жатат. 2024-жылдын планында 40,0 км каралган болсо 9 айдын жыйынтыгы менен 20,8 км асфальт төшөлдү.

Балыкчы-Чолпон-Ата-Корумду жолу боюнча реконструкциялоо иштери жүрүп жатат. 2024-жылдын планында 10,0 км каралган болсо, 9 айынын жыйынтыгы менен 7 км асфальт төшөлдү.

Ала-Бука – Жаңы-Базар – Кировка автожолун капиталдык оңдоо иштери жүрүп жатат. Долбоордо жасалма курулмалар курулууда жана 2024-жылдын планында 40 км каралган болсо, 9 айдын жыйынтыгы менен 34,1 км асфальт төшөлдү.

Ош-Баткен-Раззаков автожолунун 28-47 км аралыктарындагы 19 км капиталдык ондоо иштери жана 3 көпүрөнүн курулушу ишке ашырылууда. 2024-жылдын планында 19 км каралган болсо, анын ичинен 6 км 4 тилкелүү асфальт төшөлдү.

Нарын-Баетов автожолунун 36 км аралыгында да капиталдык оңдоо иштери жүрүп жатат.

Кыргыз-кытай чек арасындагы жаңы “Бедел” көзөмөл өткөрүү пункту ачылып, министрлик тарабынан Карасай-Бедел участогуна 58 км убактылуу жол курулду.

**Инвестициялык долбоорлор боюнча**

Түндүк-Түштүк автожолу Балыкчы-Эпкин 100%, Эпкин-Башкууганды 75%, Башкууганды-Кызыл-Жылдыз 100%, Кызыл-Жылдыз-Арал 100%, Арал-Казарман 100%, Казарман-Жалал-Абад 95 % жумуштар аткарылган, учурда тоннелдин курулушу ишке ашырылууда жана ушул жылы толук ишке берүүгө басым жасалууда.

Бишкек-Ош автожолунун “Бишкек-Кара-Балта” автожолу толугу менен оңдолду, “Маданият-Жалал-Абад” автожолу реконструкцияланып, деффектик мөөнөткө алынды..

Ысык-Көл айланма жолунун “Корумду-Балбай-Баатыр” участогунун 104-184,5 км аралыгы реконструкциялоо долбоору ишке ашырылууда.

“Балбай-Баатыр-Каракол” участогунун 184-220 км аралыгы боюнча долбоордун кеңешчиси тандалууда.

“Каракол-Барскоон” участогу 220-141,6 км аралыгында подрядчыны тандоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Ошондой эле, Түп-Кеген автожолунда 39-76 км аралыгында курулуш жүрүп жатат анын ичинен 35 км астынкы 29 км үстүнкү асфальт катмары төшөлдү.

Суусамыр-Талас-Тараз жолунда Үрмарал дарыясындагы көпүрө реконструкцияланып, жумуштар 100%га аяктады. Ал эми Суусамыр-Талас-Тараз автожолунун 105-199 км аралыгын реконструкциялоого подрядчыны тандоо иштери аткарылууда.

Таласта Үрмарал дарыясы аркылуу өтчү жаңы көпүрө курулуп, колдонууга берилди, каражат JICA тарабынан грант түрүндө берилген. “Бишкек-Ош автомобиль жолунда кар күрткүлөрдөн коргоо” долбоору боюнча учурда кар тосмолорун чогултуу жана орнотуу иштери аткарылып, эксплуатацияга берилди.

**Аэропорттордун учуп-конуу тилкелерин асфальттоо боюнча**

Президент Садыр Нургожоевичтин Жапаровдун демилгеси менен Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргызавтожол-Түндүк” жана “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканалары тарабынан калың элдин каттамын жеңилдетип, жакшы шарт түзүп берүү максатында “Манас”, “Нарын”, “Казарман”, “Талас”, “Жалал-Абад” жана “Кербен” аэропортторунун жолдору, аэродром элементтери, учуп-конуу тилкелери реконструкцияланып, капиталдык оңдоодон өттү.

**Техникалар боюнча**

Кыргыз Республикасынын Президентинин колдоосу менен 2023-жылы 265 даана техника жана жол куруу жабдуулары Жол фондунун эсебинен сатылып алынды. Мындан тышкары, дагы 453 даана техника алуу боюнча подрядчы компаниялар тандалып, үстүбүздөгү жылдын 20-декабрына чейин келиши күтүлүүдө.

**«Өндүрүштүк-инновациялык борбор» ММ**

2024-жылдын башынан тартып ӨИБ ММ алдындагы жол белгисин чыгарчу устакана тарабынан 12250 даана жол белгилери жана 9612 даана катафот чыгарылган. ӨИБ ММ алдындагы жол лабораториясы азыркы учурда лабораторияны толук аккредитациядан өтүп, сертификаттары алынып, Министрликтин алдындагы жалгыз аккредитациядан өткөн лаборатория болуп саналып калды.

**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин маалымат кызматы**